**Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңешмесинин кезектеги**

**№1 Протоколу**

**24.08.2021.** **Жылдыз айылы.**

**Катышкандар: Д.Бейшенов атындагы орто билим берүү мектебинин мугалимдери, администрация.**

**Төрайым: Дүйшембиева Т.Б.**

**Катчы: Жакебаева Ж.К.**

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

**1.2020-2021- окуу жылына анализ берүү**

**2.2021-2022-окуу жылына карата Базистик окуу планы менен тааныштыруу**

**3. 2021 – 2022 окуу жылына мектептин даярдыгы жана тарбия иштеринин негизги иш планына түшүндүрмө берүү**

**Угулду:**

**Биринчи сөздү Д.Бейшенов атындагы орто мектебинин директору Дүйшембиева Т.Б сүйлөп**: өз сөзүндө мектептин мугалимдери жана техперсоналдары COVID-19 каршы вакцина алуусу зарыл экендигин баса белгилеп өттү. Ооруну профилактикалык иштерин тыкан жүргүзүүсүн жана санитардык эрежелерди бекем аткарылышын талап кылды жана ата-энелерге вакцина боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзү керектигин айтты.

Кийинки сөз кезеги мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Жакебаева Ж.К. сүйлөп биринчи маселе боюнча толук жана көрсөтмөлүү анализ берди жана мониторинги жыйынтыкталды.(презентация тиркелет).

Экинчи маселе боюнча дагы окуу бөлүмүнүн башчысы Жакебаева Ж.К. сүйлөп Билим берүү министрилигинин Базистик окуу планы менен тааныштырып түшүндүрмө берди.

**Кийинки сөз кезегинде мектептин тарбия завучу Касаналиева Ж.М. быйылкы** 2021-2022-окуу жылына карата мектепте тарбия иштери боюнча түшүндүрмө сөзүндө негизи багыттарды жана алар менен иш алып баруунун негизги жолдорун түшүндүрдү.

**Д.Бейшенов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңешмесинин кезектеги чогулушунун негизги маселелерин карап чыгуу менен төмөндөгүдөй**

**Чечим кылат:**

1.2020-2021-окуу жылына берилген анализ канаттаандырарлык деп бааланcын.

2.Көргөзүлгөн Базистик план менен иш алып барылсын.

3.2021-2022-окуу жылындагы мектептин окуу тарбия боюнча жүргүзүлгөн иштери айтылган 6 багыт менен иш алып барылсын.

**Төрайым:** **Дүйшембиева Т.Б.**

**Катчы:** **Жакебаева Ж.К.**